4. Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. –Бишкек : 2004.

УДК 37.026.3
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-108-112

**Раимбекова М., Акматалиева Н., Бейзеева Ж.**
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин профессордун м.а.,
И. Арабаев атындагы КМУ педагогика факультетинин магистранттары
**Раимбекова М., Акматалиева Н., Бейзеева Ж.**
и.о.профессора факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева,
магистранты факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Raimbekova M., Akmatalieva N., Beiseeva Zh.**
Acting Professor, Faculty of Education KSU named after I. Arabaev,
undergraduates of the faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРДИН НЕГИЗИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

# PEDAGOGICAL PRINCIPLES OF TEACHING KYRGYZ LANGUAGE IN ELEMENTARY SCHOOL

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы дидактикалык принциптер, окутуунун методдору жөнүндөгү маселелер каралат. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасына тиешелүү болгон принциптер талдоого алынат.Кээ бир окутуунун принциптеринин артыкчылыктары белгиленип көрсөтүлөт.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются следующие задачи: дидактические принципы и методы обучения кыргызскому языку в начальных классах. Проводится анализ принципов, связанных с методикой обучения кыргызского языка в начальной школе. Также, идет речь о преимуществах некоторых принципов обучения.

**Annotation:** The following tasks are considered in this article: didactic principles and methods of teaching the kyrgyz language in elementary grades. An analysis of the principles associated with the methodology of teaching the kyrgyz language in elementary school is carried out. Also, we are talking about the benefits of some of the principles of training.

**Негизги сөздөр**: башталгыч класс,педагогика,текст, кыргыз тили, окутуу, тарбиялоо, дидактикалык принцип, ишмердүүлүк, метод, теория, практика, морфология, синтаксис,орфография.

**Ключевые слова:** начальные классы, педагогика, текст, кыргызский язык, обучение, воспитание, дидактический принцип, деятельность, метод, теория, практика, морфология, синтаксис,орфография.

**Key words**: primary classes, pedagogy, text, kyrgyz language, training, education, didactic principle, activity, method, theory, practice, morphology, syntax, spelling.

Дидактикалык принциптер – башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы негизги жоболордон болуп эсептелет. Ошондой эле ар бир предметтин өзүнө мүнөздүү болгон жеке принциптери да бар, буга байланыштуу башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун өзүнө тиешелүү болгон дидактикалык принциптери да кездешет, бирок практикада бул экөө өз ара байланыштуу каралат да, бири экинчисинен ажыратылбайт.

Окутуунун принциптери – мугалим ишмердүүлүгүн аныктоочу жана окуучулардын таанып – билүү ишмердүүлүк мүнөзүнүн баштапкы жобосу болуп эсептелет. Окутуу ишинини дидактикалык жалпы принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет: окутуунун

илимийлүүлүк, ыраатуулук, улантуучулук, теорияны практика менен байланыштыруу, аң – сезимдүүлүк, активдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк жана түшүнүктүүлүк, окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, окутууну индивидуализациялоо.

Ал эми башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасына тиешелүү принциптер катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрүн байланыштырып үйрөнүү; окуучулардын ойлоосун, жазма жана оозеки кебин, орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугун, өнүктүрүү; сөз маданияты менен стилистиканын байланыштуулугу ж.б. Чынында, кыргыз

Илимий принцип боюнча синтаксистен өздөштүрүлүүчү материалдар кыргыз тил илиминен тандалып алынат, алар соңку жаңылыктардын деңгээлинде болууга тийиш. Өздөштүрүлүүчү тилдик материалдарды тандап алууга алардын илимий жактан изилденип такталгандыгы, талаш – тартыштын болгондугу эске алынат.

Илимий принцип окуу ишмердүүлүгүндөгү илимдин ордун ачып берет. Теориялык билимдин деңгээли балдардын жаш өзгөчөлүгүнө, өнүгүү этабына карата мүнөздөлөт. Мисалы, сүйлөм, жалаң жана жайылма, тактооч,сын атооч ж.б. темалар 2,3,4- класстарда окутулат, бирок бул темалар класска карай тереңдетилип, илимий деңгээли жогорулап отурат. Мындай билимдерди берүү үчүн мугалимдин илимий – теориялык даярдыгы жогору болушун окутуу процессин жандуу жана кызыктуу уюштуруунун негизги шарттарынын биринен болуп эсептелет.

Илимий түшүнүктөр ыраатуулук жана улантуучулук принциптери менен тыгыз байланыштуу, себеби башталгыч класстарда кыргыз тилинин материалдары туш келди эле өздөштүрүлө бербейт. Мында белгилүү бир ыраатуулук сакталат. Мисалы, программада фонетикалык материалдар сөз түркүмдөрүнөн мурда, синтаксистик материалдар морфологиялык материалдардан мурда өздөштүрүлүүгө тийиш. Кыргыз тилинин материалдары негизинен окуу программаларында ушул принциптин талабына ылайык жайгаштырылган. Карап көрөлү: фонетика – лексика, морфология – синтаксис.

Кыргыз тилинин теориялык негиздерин үйрөнүүдө улантуучулук принциби да чоң мааниге ээ. Бул принцип боюнча мурдагы менен кийинки өтүлүп жаткан материалдар байланыштырылып окутулат. Ошондуктан окуучуларга мурдатан тааныш материалдар жаңыны өздөштүрүүдө эске алынып, аларга таянуу аркылуу жаңы материал андан ары улантылып, тереңдетилип окутулат. Мисалы, 2 – класста зат, сын, ат атооч боюнча элементардык гана мүнөздөгү материалдар ал эми синтаксистен сүйлөмдүн түрлөрү, жай, суроолуу, буйрук, илептүү; сүйлөмдүн ээ, баяндоочу жөнүндө окуучуларга жөнөкөй маалыматтар берилет, ушуларга таянып 3–класста бул материалдар тереңдетилип окутулат. Бул материалдар андан ары улантылып, жогорку класстарда тереңдетилет.

Теория менен практиканы байланыштыруу принцибинде мугалимдердин алдына окутууну практикага байланыштырып, окутуу милдети коюлган. Бул принципти ишке ашырууда кыргыз тилинин фонетикалык жана грамматикалык түзүлүшүн, адабий тилдин нормаларын терең өздөштүрүшүп, аларды өздөрүнүн күндөлүк турмушунда, оозеки жана жазма иштеринде эркин колдоно билүүгө жетишүүлөрү керек. Буларды ишке ашырууда ар кандай көнүгүүлөрдү, өз алдынча иштөөлөрдү, грамматикалык талдоолорду жүргүзүүгө машыгуу, дилбаян менен баяндама жазуу, иш кагаздарын түзө билүү, адабий тексттерди көркөм окуу, талдоо сыяктуу көптөгөн ишмердүүлүктөрдү аткаруу аркылуу жетишүүгө болот. Мына ошентип, окуучулар теориялык материалдарды курулай жаттай бербестен, аларды практикада машыгып, пайдалануу менен тилдин коммуникативдүү кызматын сезүүлөрү керек.

Аң – сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби окуучуларды өз алдынча ой жүгүртүп иштөөгө, активдүү болууга, чыгармачылык менен иш алып барууга үндөйт. Аң-сезимдүүлүк принцибинде окуучулардын активдүүлүгү маанилүү. Ошондуктан мугалим окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн: ой жүгүртүүсүн, кабыл алуусун, көңүл буруусун, кызыгуусун, эмоцияналдуу абалын ар тараптан үйрөнүп, аларды сабак учурунда эске алуусу зарыл.

Көрсөтмөлүүлүк жана түшүнүктүүлүк принциптери окуутунун натыйжалуулугун арттыруучу, таасирдүү болушуна көмөк берүүчү принцип. Мунун жардамы менен окуучулар тилдик материалдардын керектүү жактарын туура кабыл алууну үйрөнүшөт. Көрсөтмөлүүлүк принциби программалык материалдарды көрүү сезими, сезимталдык менен өздөштүрүп алуунун бирден бир шарты болуп эсептелет. Ар кандай таблицалар, плакаттар, схемалар, графикалык сызуулар, слайд, сүрөттөр, натура (накта зат) булар көрсөтмөлүү окуу куралдары. Ушулардын жардамы аркылуу грамматикалык категориялардын өзгөчөлүктөрү жалпылаштырылат жана алардын ар бирине тиешелүү жеке белгилери ачык – так көрсөтүлөт.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин үйрөнүүдө түшүнүктүүлүк принцибинин сакталуусу зарыл, анткени окуу программасында берилген маалыматтар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, алардын билим деңгээлине өздөштүрүлүүчү материалдардын оор жеңилдигине карата жайгаштырылган. Мисалы, экинчи класста айкындооч мүчөлөрдүн баары берилсе, ал балдар үчүн оор болуп калар эле. Демек, ар бир тилдик материал жөнөкөйлөштүрүлүп берилиши керек. Мында мугалимдин сөзү, анын билдирүүсү чоң мааниге ээ. Темага тиешеси жок маалыматтарды, ашыкча терминдерди башталгыч класста колдонуудан алыс болуу талап кылынат. Булар окуучулардын кабыл алуусун татаалдаштырат, тоскоол болот.

Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүгүн эске алуу принциби мугалимден окуучулардын психологиясын жакшы билүүнү талап кылат, себеби ар окуучунун өзүнүн жеке өзгөчөлүгү, кабыл алуусу, эске тутуусу, жөндөмдүүлүгү, кызыгуусу, даярдыгы, эмоциясы бар. Мисалы, бир эле теманы ар бир окуучу ар кандай деңгээлде өздөштүрүшөт. Мына ошондуктан мугалим окуучунун жеке өзгөчөлүгүн изилдеп, ага жараша мамиле жасоого тийиш. Кээ бир окуучулар бир эле теманы бир нече кайталоодон кийин түшүнөт, кээ бирлери мугалимдин жардамысыз түшүнө албайт, айрымдарынын ой жүгүртүүсү жай, айрымдарыныкы тез ж.б. Мугалим бат кабыл алган, жөндөмдүү окуучулар үчүн кошумча тапшырмаларды колдонуп, жакшы жактарын белгилеп туруусу зарыл.

Биз жогоруда педагогиканын жалпы принциптери жөнүндө сөз кылдык. Мындан төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: окутуунун бардык принциптери бири – бири менен байланыштуу, анткени алардын ар бири окуу – тарбия процессин башкаруунун алгачкы абалы болуп саналат. Ошондуктан бир эле принципке таянып алуунун кереги жок, мисалы, көрсөтмөлүүлүк принцибин колдонуп жатып, калган принциптерди да жеңил түрдө колдонууга болот. Окутуунун принциптери окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгү менен мугалимдин машыгуу ишмердүүлүгүнүн бирдикте аткарылышына мүмкүнчүлүк түзөт. Ошентип, биз белгилегендей, дидактика менен методиканын принциптери өз ара айкашып колдонулат. Мындан ары башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасына тиешелүү болгон шарттарга токтололу.

Кыргыз тилинин методикасын изилдөөдө педагогика жана психология илимдериндеги жаңылыктар, жетишкендиктер окутуунун ыңгайлуу жолдорун табууга жардам берет. Окутуу – бул татаал жана көп кырдуу маселе, мугалим менен окуучунун, тескерисинче, окуучу менен мугалимдин ортосундагы өз ара максаттуу жүргүзүлүүчү иш аракет, анын негизинде мектеп окуучуларына таалим – тарбия жана билимдин урунттуу учурлары берилет. Ал эми ушул процессти ишке ашыруунун жолу метод болуп эсептелет.

Ошентип, билим алуунун мазмунун өздөштүрүү – бул окутуунун максаты, ал эми окуутунун методу ошол максатка жетишүүнүн жолу.

Окуутунун методдору төмөнкүдөй шарттарга байланыштуу:
а) окуутунун максатына (Эмнеге окутабыз? Эмнени окутабыз? Кандайча окутабыз?); б) окутуунун мазмунуна; в) окутуунун психологиясына; г) окутуунун шарттына. Окумуштуу – педагогдор И.Я. Леркер, В.А. Крутецкий, М.И. Махмутов ж.б. ойлору боюнча окутуу методунун ички мыйзамдары деп төмөндөгүлөрдү көрсөтүшөт: а) логикалык жагы: индукция жана дедукция, анализ жана синтез, салыштыруу жана карама – каршы коюу, жалпылоо жана иретке келтирүү, классификациялоо; б) психологиялык жагы: эс жана эрк, ой жүгүртүү жана

эмоция, каалоо жана кызыгуу, көңүл буруу жана эске тутуу ж.б. Окутуунун сырткы методдору: а) ой пикирди билдирүү; б) көрсөтүү; в) элестетүү; г) практикалык аракет.

М.И. Махмутовдун аныктоосу боюнча окутуу иши төмөндөгүдөй багытта жүргүзүлүшү керек: а) окутууну турмуш менен байланыштыруу (балдардын жашоо – шарты, турмушу); б) сабактын адат болгон түзүлүшүнө өзгөртүү киргизүү; в) окуучулардын өз алдынча иштөөсүн өркүндөтүү;
г) окуучулардын билим алуу иш – аракеттерин активтештирүү максатында чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмаларды көп колдонуу.

Окуучулар окуу процессине белгилүү өлчөмдөгү билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болушат. Бир эле мазмундагы окуу материалы ар түрдүү каражаттардын, ыкмалардын жардамы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ошондуктан, ар дайым мугалимдин алдында окутуунун ийгиликтүүлүгүн тандоо проблемасы турат. Окуу материалын үйрөтүүнүн ар түрдүү формасын издөө сабактын максатын, милдетин туура аныктоодон башталат. Мисалы, аныктаманы түшүндүрүүдөн мурда, бул аныктама балдарды туура жазууга үйрөтөбү, же речин байытуу үчүн керекпи, же ушул аныктаманын жардамы менен ж.б. ишмердүүлүктөр ишке ашабы деп анын максатын так аныктап алуусу керек. Метод – бул окуу материалын теориялык жана практикалык жактан өздөштүрүүнүн формасы. Окутуунун билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк функцияларын ишке ашыруу методду туура талдоого көз каранды.

Балдарга билим берүүдө мугалимдин иш аракети канчалык ар түрдүү болсо, сабак да ошончолук кызык уюштурулат. Ошол себептүү башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда ар түрдүү методдордун колдонулушу зарыл. Методдорду колдонууда мындай шарттарды эске алуу керек: а) өздөштүрүлүүчү программалык материалдардын мүнөзүн; б) окуучулардын билим деңгээлин, психологиялык өзгөчөлүгүн; в) мугалимдин жана окуучунун жалпы даярдыгы; г) педагогика, психология, тил илиминдеги жаңылыктарды. Ушул шарттарга байланыштуу окутуунун ар кандай жолдору менен методдору, тапшырма менен көнүгүүлөрдүн түрлөрү дидактикалык материалдар менен көрсөтмө куралдардын түрлөрү тандалып алынат.

Бирок окутуунун методдору ар дайым эле таасирдүү боло бербейт. Анткени, балдардын активдүүлүгүнө жана деңгээлине же ж.б. шартка байланыштуу таасирдүү болбой калышы мүмкүн. Бул жөнүндө илипоз, проф. А.В. Текучев мындай дейт: «Дайым эле таасирдүү болуучу универсалдуу методдордун болушу мүмкүн эмес» Бул ой боюнча мугалимдин изденүүсү, анын чыгармачылыгы, таланты чоң мааниге ээ. Изденген мугалим окутуунун ыңгайлуу жолун табат.

Окутуунун методун эки жактуу кароо керек: 1) жалпы дидактикалык жактан; 2) жеке сабактын методикасы жагынан. Иш жүзүндө бул экөө бирин – бири толуктап турат.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууга мүнөздүү метод жана ыкмалар катарында төмөндөгүлөр көрсөтүлүп келе жатат: мугалимдин баяндоосу, аңгеме, тилдик материалдарга байкоо жүргүзүү, окуучулардын өз алдынча иштөөсү ж.б. Ыкмалар: грамматикалык талдоо, салыштыруу, алмаштыруу, кошуу, бөлүү, топтоштуруу жана жалпылоо, тексттерди көркөм окуу жана анын үстүндө иштөө. Бул жерде метод жана ыкма деген сөздөрдүн маанилерин карап көрөлү. Метод жана ыкма педагогикада шарттуу түрдө гана аталган.

Методдун түзүлүшүнө окутуунун жол жоболору да кирет (кыргыз тилдин методикасында көбүнчө ыкма деп аталып жүрөт). Ыкма – бул окуучу менен мугалимдин акыл жана практикалык аракетин ишке ашыруу үчүн методдорду толуктап туруучу биргелешкен иш аракеттер. Окутуунун жол – жоболорун төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүүгө болот:

а) кабыл алуу, эске тутуу, көңүл буруу, ой – жүгүртүү сыяктуу иш аракеттерди активтештирүү жана калыптандыруучу ыкмалар;

б) окуучунун ой–жүгүртүү ишмердүүлүгүндөгү проблемалык жана кырдаалдык иш–аракеттерди аткаруусуна шарт түзгөн ыкмалар;

в) окуу материалын үйрөнүүдөгү окуучулардын сезимин, көңүл буруусун активдештирүүчү ыкмалар;

г) окуучулардын өз алдынча окуусун, өзүн – өзү контролдоочу ыкма ж.б. бир эле ыкма окутуунун ар түрдүү методунда колдонулушу мүмкүн. Мисалы, проблемалык методдо мээ чабуулу, топто иштөө, класстер түзүү, Венндин диаграммасы ж.б. ушул эле ыкмалар башка методдордо деле колдонула берет.

Башталгыч класстардын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө индукция жана дедукция методунун мааниси чоң.

Индукция – бул жеке түшүнүктөн, жалпыланган, тыянактуу кортундуга өтүүчү ой жүгүртүүнүн ички формасы. Ал эми дедукция – жалпыдан жекеге баруу ой корутундусу. Ошентип, бул экөө өз ара ажырагыс түрдө байланышкан. Мисалы, 3 – класста окуучуларга сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк берилет. Бул жерде баш мүчөлөр деген түшүнүктү аныкташ үчүн ээ, баяндооч, анын аныктамалары жөнүндө билип алып, кийин жалпыга (дедукцияга) барабыз. Тескерисинче, сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү баш мүчөлөрү (дедукция) деп аталарына токтолуп, ал ээ жана баяндоочтон турарын чечмелейбиз. Андан соң, баш мүчөлөрдөн гана түзүлгөн сүйлөм жалаң, ал эми баш мүчөлөргө айкындооч мүчөлөр кошулуп түзүлсө жайылма сүйлөм боло тургандыгы жеке аныктамаларды талдоодон жалпы, тыянакка келүү менен түшүндүрүлөт. Аталган методдор окутуунун бардык учурнда каалагандай колдонула берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Махмутов М.И. Организация проблемного обучения.- М. : 1977.
2. Скаткин М. Педагогика.- М.: 1978.
3. Лернер И.Я. Дидактические основы методов обучения. –М.: Педагогики, 1981.
4. Текучев А.В. Методика русского языка в средней школе. 2-е изд. – М.: Просвещение, 1970.



УДК 373.31
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-112-15



**Сагынбек к. Ж., Жоробекова К.Ж.**
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин
2- курсунун магистранттары
**Ж. Сагынбек к., К.Ж. Жоробекова**
Магистранты 2 курса факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**J. Sagynbek K., K.Zh. Zhorobekova**
2year undergraduate faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev


## ОКУМУШТУУ-МЕТОДИСТТЕР БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДАГЫ ТАРЫХЫЙ МАТЕРИАЛДЫН РОЛУ ЖӨНҮНДӨ

## УЧЕНЫЕ-МЕТОДИСТЫ О РОЛИ ИСТОРИЧЕСКОГО МАТЕРИАЛА ПРИ ИЗУЧЕНИИ МАТЕМАТИКИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

## SCIENTIST-METHODISTS ABOUT THE ROLE OF HISTORICAL MATERIAL IN STUDYING MATHEMATICS AT ELEMENTARY SCHOOL


**Аннотация:** Макалада математиканы изилдөөдө тарыхый материалдын мааниси талкууланат. Математика тарыхынын элементтеринен конкреттүү мисалдар келтирилген. Тарых элементтери менен көйгөйлөрдү чечүү математикага болгон таанып-билүү кызыкчылыгынын өсүшүнө өбөлгө түзөт.

**Аннотация:** В статье рассматривается значение исторического материала пр изучении математики. Приведены конкретные примеры из элементов истории математики. Решение задач с элементами истории способствует развитию познавательного интереса к